КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ ЖАНА ТИЛ САЯСАТЫ БОЮНЧА УЛУТТУК КОМИССИЯ

НАЦИОНАЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ГОСУДАРСТВЕННОМУ ЯЗЫКУ И ЯЗЫКОВОЙ ПОЛИТИКЕ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК

_______________№______ **Бишкек ш.**

**Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссияда жана ага караштуу мекемелерде коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлардын жана кырдаалдардын тизмегин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 8-апрелиндеги “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында коррупциялык тобокелдиктерди табуу, баалоо жана башкаруу тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” №232 токтомун аткаруу максатында, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 20-беренесинин 4-бөлүгүнө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө” токтомуна ылайык, **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссияда жана ага караштуу мекемелерде коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлардын жана кырдаалдардын тизмеги ушул буйруктун тиркемесине ылайык бекитилсин.

2. Коррупциянын алдын алуу боюнча чараларды ишке ашыруу боюнча кызматкер – мониторинг жана талдоо бөлүмүнүн башкы адиси Абалиев Мирлан Имамазанович:

1) расмий жарыяланган күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде ушул буйруктун көчүрмөсүн Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн;

2) күчүнө кирген күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде ушул буйруктун көчүрмөсүн маалымат үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына жана Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына (коррупциянын алдын алуу боюнча ыйгарым укуктуу орган) жөнөтсүн.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

3. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын 2025-жылдын 28-августундагы № 41 “Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссияда коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги болгон учурлардын жана кырдаалдардын тизмесин бекитүү жөнүндө” буйругу күчүн жоготту деп табылсын.

4. Ушул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

5. Ушул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып жети күндөн кийин күчүнө кирет.

**Төрага** **М. Мураталиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ ЖАНА ТИЛ САЯСАТЫ БОЮНЧА УЛУТТУК КОМИССИЯ

НАЦИОНАЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ГОСУДАРСТВЕННОМУ ЯЗЫКУ И ЯЗЫКОВОЙ ПОЛИТИКЕ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ПРИКАЗ

_______________№______ **г. Бишкек**

## Об утверждении Перечня случаев и ситуаций, содержащих риски возникновения коррупции в Национальной комиссии по государственному языку и языковой политике при Президенте Кыргызской Республики и ее подведомственных учреждениях

В целях исполнения постановления Кабинета Министров Кыргызской Республики «Об утверждении Положения о порядке выявления, оценки и управления коррупционными рисками в государственных органах и органах местного самоуправления Кыргызской Республики» от 8 апреля 2026 года № 232, в соответствии с частью 4 статьи 20 Закона Кыргызской Республики «О государственной гражданской службе и муниципальной службе», постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики государственным органам и органам местного самоуправления» 3 марта 2023 года № 115, **приказываю:**

1. Утвердить Перечень случаев и ситуаций, содержащих риски возникновения коррупции в Национальной комиссии по государственному языку и языковой политике при Президенте Кыргызской Республики и ее подведомственных учреждениях, согласно приложению к настоящему приказу.
2. Сотруднику по реализации мер по предупреждению коррупции – главному специалисту отдела мониторинга и анализа Абалиеву Мирлану Имамазановичу:

1) со дня официального опубликования в течение трех рабочих дней направить копию настоящего приказа в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Государственный реестр нормативных правовых актов Кыргызской Республики;

2) в течение трех рабочих дней со дня вступления в силу направить копию настоящего приказа в Администрацию Президента Кыргызской Республики и Генеральную прокуратуру Кыргызской Республики (уполномоченный орган по предупреждению коррупции).

3. Признать утратившим силу приказ Национальной комиссии по государственному языку и языковой политике при Президенте Кыргызской

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Республики «Об утверждении Перечня случаев и ситуаций, содержащих риски возникновения коррупции в Национальной комиссии по государственному языку и языковой политике при Президенте Кыргызской Республики» от 28 августа 2025 года № 41.

4. Контроль за исполнением настоящего приказа оставляю за собой.

5. Настоящий приказ вступает в силу по истечении семи дней со дня официального опубликования.

**Председатель** **М. Мураталиев**

Кыргыз Республикасынын Президентине
караштуу Мамлекеттик тил жана
тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын
2026-жылдын «___»___________
№_____ буйругуна
Тиркеме

**Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссияда жана ага караштуу мекемелерде коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлардын жана кырдаалдардын тизмеги**

| №п/п | Мамлекеттик органдын функциялары (ыйгарым укуктары) | Коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлар жана кырдаалдар | Коррупциялык тобокелдиктин категориясы: тутумдук (реалдуу), потенциалдуу, кырдаалдык | Коррупциялык тобокелдиктин деңгээли (төмөн, орто, жогору) | Түзүмдүк бөлүмдүн аталышы (борбордук аппараттын, аймактык жана ведомстволук караштуу бөлүмдөрдүн) | Коррупциялык тобокелдикке дуушар болгон кызмат орундары | Башка мамлекеттик органдарда / жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында коррупциялык тобокелдиктин пайда болуу мүмкүнчүлүгү (эгер ооба болсо, кайсыларда экенин көрсөтүү керек) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Ички функциялар** | | | | | | | |
| 1 | Кадрлар резервин түзүү үчүн конкурс өткөрүү | Комиссиянын мүчөлөрүнүн чечим кабыл алууда өзүнүн кызматтык ыйгарым укуктарын пайдалануусу жана конкурска катышкан талапкерлерге же кызматкерге карата бир жактуу мамилеси. | Кырдаалдык | Орто | Борбордук аппарат | 1) Конкурстук комиссиянын төрагасы жана мүчөлөрү<br>2) персоналды башкаруу боюнча иш милдеттерин аткарган кызматкер; | Бул коррупциялык тобокелдик кадрлар резервине киргизүү үчүн сынактарды өткөргөн бардык органдардын ишмердүүлүгүнө |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Аңгемелешүү учурунда айрым талапкерлерге жеңилдик берүү же атайылап тоскоолдук кылуу. | | | | | тиешелүү болушу мүмкүн |
| 2 | Кызматка кабыл алуу жана дайындоо | Талапкерлерди жеке же башка кызыкчылыктардын, ошондой эле кызматтык көз карандылыктын таасири астында тандоо, айрым талапкерлерге артыкчылык берүү максатында квалификациялык талаптарды негизсиз өзгөртүү. | Кырдаалдык | Орто | 1) «Кыргызтест» мамлекеттик мекемеси<br>2) Окуу-маалыматтык жана котормо борбору<br>3) Кыргыз энциклопедия жана терминология борбору (КЭТБ) | 1) Мекемелердин директорлору;<br>2) персоналды башкаруу боюнча иш милдеттерин аткарган кызматкерлер. | Бул коррупциялык тобокелдик бардык органдардын ишмердүүлүгүнө тиешелүү болушу мүмкүн |
| 3 | Кызматкерди которуу, кызматтан жогорулатуу жана ротациялоо | Кызматтык ыйгарым укуктарын жеке максатта пайдалануу менен белгиленген талаптарды эске албастан кызматкерлерди которуу, кызматтан жогорулатуу же ротациялоо, ошондой эле айрым адамдарга артыкчылык берүү же жагымсыз кызмат ордуна мажбурлап которуу. | Кырдаалдык | Орто | Борбордук аппарат | 1) Улуттук комиссиянын төрагасы;<br>2) төраганын орун басары;<br>3) персоналды башкаруу боюнча иш милдеттерин аткарган кызматкер (укуктук жана административдик камсыздоо бөлүмү) | Бул коррупциялык тобокелдик бардык органдардын ишмердүүлүгүнө тиешелүү болушу мүмкүн |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 4 | Сатып алууларды пландаштыруу жана сатып алуу документтерин даярдоо | Жеке же башка кызыкчылыктардын негизинде техникалык талаптарды даярдоодо белгилүү бир өндүрүүчүгө, товардык белгилерге, моделге же брендге ылайыктап түзүү | Системалуу | Жогору | 1) Борбордук аппарат;<br>2) «Кыргызтест» мамлекеттик мекемеси”;<br>3) Окуу-маалыматтык жана котормо борбору;<br>4) КЭТБ. | 1) Улуттук комиссиянын төрагасы;<br>2) Окуу-маалыматтык жана котормо борборунун директору,<br>3) Кыргызтест» мамлекеттик мекемесинин директору,<br>4) мекемелердин башкы бухгалтерлери;<br>5) мамлекеттик сатып алуулар боюнча иш милдеттерин аткарган кызматкерлер. | Бул коррупциялык тобокелдик бардык органдардын ишмердүүлүгүнө тиешелүү болушу мүмкүн |
| 5 | Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү кабыл алуу жана мамлекеттик сатып алуулар боюнча келишимдердин аткарылышын контролдоо | Келишимдин шарттарына иш жүзүндө жооп бербеген товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү кабыл алуу, жабдуучунун келишимдик милдеттенмелерди бузган фактыларын жашыруу жана мыйзамдарда каралган чараларды күнөөлүү тарапка карата көрбөө. | Системалуу | Жогору | 1) Борбордук аппарат;<br>2) «Кыргызтест» мамлекеттик мекемеси”;<br>3) Окуу-маалыматтык жана котормо борбору;<br>4) КЭТБ. | 1)Улуттук комиссиянын төрагасы;<br>2) Окуу-маалыматтык жана котормо борборунун директору,<br>3) Кыргызтест» мамлекеттик мекемесинин директору,<br>4) мамлекеттик сатып алуулар боюнча иш милдеттерин | Бул коррупциялык тобокелдик бардык органдардын ишмердүүлүгүнө тиешелүү болушу мүмкүн |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | аткарган кызматкерлер;<br>5) кабыл алуу актысына кол койгон кызматкерлер. | |
| 6 | Бюджеттин аткарылышын камсыз кылуу | Жетиштүү негиздерсиз чыгымдарды каржылоо, бюджеттик каражаттарды кайра бөлүштүрүү, жалган же көлөмү негизсиз көбөйтүлгөн финансылык милдеттенмелер боюнча төлөмдөрдү жүргүзүү, милдеттенмелердин иш жүзүндө аткарылгандыгын тастыктабай туруп төлөм жүргүзүү, мамлекеттик сатып алуу тартибин айланып өтүү, финансылык отчетторду бурмалоо | Системалуу | Жогору | 1) Борбордук аппарат;<br>2) «Кыргызтест» мамлекеттик мекемеси";<br>3) Окуу-маалыматтык жана котормо борбору;<br>4) КЭТБ. | 1) Улуттук комиссиянын төрагасы;<br>2) Окуу-маалыматтык жана котормо борборунун директору,<br>3) Кыргызтест» мамлекеттик мекемесинин директору,<br>4) мекемелердин башкы бухгалтерлери. | Бул коррупциялык тобокелдик бардык органдардын ишмердүүлүгүнө тиешелүү болушу мүмкүн |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 7 | Окутуу жана котормо кызматын көрсөтүү | Окутуу жана котормо кызматтарынын тарифтерин негизсиз жогорулатуу же төмөндөтүү | Системалуу | Жогору | Окуу-маалыматтык жана котормо борбору | 1) директор;<br>2) окутуу жана котормо иштерин жүргүзгөн кызматкерлер;<br>3) башкы бухгалтер. | Бул коррупциялык тобокелдик Окуу-маалыматтык жана котормо борборуна гана таандык |
| | | расмий эмес төлөмдөрдү алуу (накталай, эсепке алынбаган), кызмат алуучулар менен түздөн түз байланыш аркылуу мыйзамсыз акча каражаттарын талап кылуу же жеңилдиктерди берүү | | | | | |
| **Мамлекеттик кызмат көрсөтүү** | | | | | | | |
| 8 | Жеке адамдардын кыргыз тилин билүү деңгээлин баалоо (Кыргызтест) | Тестирлөөнүн жыйынтыктарына таасир этүү; оң натыйжаларды алуу максатында алдын ала сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү мүмкүнчүлүгү | Системалуу | Жогорку | «Кыргызтест» мамлекеттик мекемеси | 1) Мекеменин директору;<br>2) директордун орун басары;<br>3) тестти уюштуруу жана укуктук камсыздоо бөлүмүнүн жетекчиси | Бул тобокелдик сертификаттоо жана тестирлөө боюнча кызматтарды көрсөткөн башка органдардын ишмердүүлүгүнө тиешелүү болушу мүмкүн. |
| | Тесттик материалдарды иштеп чыгуу жана сактоо | Тесттик суроолордун алдын ала даярдалган жооптору кызыктар тараптарга кетиши | | | | | |

Приложение к приказу Национальной комиссии по государственному языку и языковой политике при Президенте Кыргызской Республики от «___» ___________ 2026 года № _____

**ПЕРЕЧЕНЬ**
**случаев и ситуаций с риском возникновения коррупции в Национальной комиссии по государственному языку и языковой политике при Президенте Кыргызской Республики и ее подведомственных учреждениях**

| №п/п | Функции (полномочия) государственного органа | Случаи и ситуации с риском возникновения коррупции | Категория коррупционного риска: системный (реальный), потенциальный, ситуационный | Уровень коррупционного риска (низкий, средний, высокий) | Наименование структурного подразделения (центрального аппарата, территориальных и подведомственных подразделений) | Должности, подверженные коррупционному риску | Возможность возникновения коррупционного риска в других государственных органах / органах местного самоуправления (если да, указать в каких) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Внутренние функции** | | | | | | | |
| 1. | Проведение конкурса для формирования резерва кадров | Использование членами комиссии своих служебных полномочий при принятии решений и предвзятое отношение к кандидатам или сотруднику, участвующим в конкурсе. Предоставление послаблений или намеренное учинение препятствий отдельным | Ситуационный | Средний | Центральный аппарат | 1) Председатель и члены конкурсной комиссии;<br>2) Сотрудник, выполняющий функции по управлению персоналом. | Данный коррупционный риск может относиться к деятельности всех органов, проводящих конкурсы для включения в резерв кадров. |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН
№ 68, 11.08.2026
Кол койгон: Мураталиев М.К.

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | кандидатам во время собеседования. | | | | | |
| 2 | Прием и назначение на должность | Отбор кандидатов под влиянием личной или иной заинтересованности, а также служебной зависимости; необоснованное изменение квалификационных требований с целью предоставления преимущества отдельным кандидатам. | Системный | Средний | 1) Государственное учреждение «Кыргызтест»;<br>2) Учебно-информационный и переводческий центр;<br>3) Центр кыргызской энциклопедии и терминологии (ЦКЭТ). | 1) Директоры учреждений;<br>2) сотрудники, выполняющие функции по управлению персоналом. | Данный коррупционный риск может относиться к деятельности всех органов. |
| 3 | Перевод, продвижение по службе и ротация сотрудника | Перевод, продвижение по службе или ротация сотрудников без учета установленных требований с использованием служебных полномочий в личных целях, а также предоставление преимущества отдельным лицам или принудительный перевод на | Ситуационный | Средний | Центральный аппарат | 1) Председатель Национальной комиссии;<br>2) заместитель председателя;<br>3) сотрудник, выполняющий функции по управлению персоналом (отдел правового и административного обеспечения). | Данный коррупционный риск может относиться к деятельности всех органов. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | неблагоприятную должность. | | | | | |
| 4 | Планирование закупок и подготовка документации по закупкам | Составление технических требований при подготовке с привязкой к конкретному производителю, товарным знакам, модели или бренду на основе личной или иной заинтересованности. | Системный | Высокий | 1) Центральный аппарат;<br>2) Государственное учреждение «Кыргызтест»;<br>3) Учебно-информационный и переводческий центр;<br>4) ЦКЭТ. | 1) Председатель Национальной комиссии;<br>2) директор Учебно-информационного и переводческого центра;<br>3) директор государственного учреждения «Кыргызтест»;<br>4) директор ЦКЭТ;<br>5) сотрудники, выполняющие функции по государственным закупкам;<br>6) главные бухгалтеры. | Данный коррупционный риск может относиться к деятельности всех органов. |
| 5 | Приемка товаров, работ и услуг и контроль исполнения договоров по государственны м закупкам | Приемка товаров, работ и услуг, фактически не соответствующих условиям договора; сокрытие фактов нарушения поставщиком договорных обязательств и непринятие мер к виновной стороне, предусмотренных законодательством. | Системный | Высокий | 1) Центральный аппарат;<br>2) Государственное учреждение «Кыргызтест»;<br>3) Учебно-информационный и переводческий центр;<br>4) ЦКЭТ. | 1) Председатель Национальной комиссии;<br>2) директор Учебно-информационного и переводческого центра;<br>3) директор государственного учреждения «Кыргызтест»;<br>4) директор ЦКЭТ. | Данный коррупционный риск может относиться к деятельности всех органов. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | 5) главные бухгалтеры;<br>6) сотрудники, выполняющие функции по государственным закупкам;<br>7) сотрудники, подписывающие акт приемки. | |
| 6 | Обеспечение исполнения бюджета | Финансирование расходов без достаточных оснований; перераспределение бюджетных средств; проведение платежей по фиктивным или необоснованно завышенным финансовым обязательствам; проведение платежей без подтверждения фактического выполнения обязательств; обход порядка государственных закупок; искажение финансовой отчетности. | Системный | Высокий | 1) Центральный аппарат;<br>2) Государственное учреждение «Кыргызтест»;<br>3) Учебно-информационный и переводческий центр;<br>4) ЦКЭТ. | 1) Председатель Национальной комиссии;<br>2) директор Учебно-информационного и переводческого центра;<br>3) директор государственного учреждения «Кыргызтест»;<br>4) директор ЦКЭТ.<br>5) главные бухгалтеры учреждений. | Данный коррупционный риск может относиться к деятельности всех органов. |

№ 68, 11.08.2026

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Кол койгон: Мураталиев М.К.

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 7 | Предоставление услуг по обучению и переводу | Необоснованное повышение или снижение тарифов на услуги по обучению и переводу | Системный | Высокий | Учебно-информационный и переводческий центр | 1) Директор;<br>2) сотрудники, осуществляющие обучающую и переводческую деятельность;<br>3) главный бухгалтер. | Данный коррупционный риск относится только к Учебно-информационному и переводческому центру. |
| | | Получение неофициальных платежей (наличными, неучтенных), вымогательство незаконных денежных средств или предоставление льгот путем прямого контакта с получателями услуг. | | | | | |
| **Предоставление государственных услуг** | | | | | | | |
| 8 | Оценка уровня владения кыргызским языком физическими лицами (Кыргызтест) | Влияние на результаты тестирования; возможность проведения предварительных сговоров с целью получения положительных результатов. | Системный | Высокий | Государственное учреждение «Кыргызтест» | 1) Директор учреждения;<br>2) заместитель директора<br>3) руководитель отдела организации тестирования и правового обеспечения. | Данный риск может относиться к деятельности других органов, предоставляющих услуги по сертификации и тестированию. |
| | Разработка и хранение тестовых материалов | Утечка заранее подготовленных ответов на тестовые вопросы заинтересованным сторонам. | | | | | |

№ 68, 11.08.2026
ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН
Кол койгон: Мураталиев М.К.